**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**

**ЧҮЙ ОБЛУСУ**
**ПАНФИЛОВ РАЙОНУ**
**КУРАМА АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**

**ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ПАНФИЛОВСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ КУРАМА**

# ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТИН ТОКТОМУ

"28" июль 2026-жылдагы №36 Панфилов айылы

## "Курама Суу" муниципалдык ишканасынын экскаватору жана ассенизатордук унаасы үчүн кызмат көрсөтүү тарифтерин бекитүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы №123 "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" мыйзамынын 34,39-беренелерине, Кыргыз Республикасынын 2002-жылдын 15-мартындагы №37 "Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө" Мыйзамынын 19-беренесине, "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө" Мыйзамына ылайык, "Курама Суу" муниципалдык ишканасынын жетекчиси М.С.Тынаевдын сунушталган материалдардын негизинде жана муниципалдык техниканы пайдаланууну тартипке келтирүү максатында, ошондой эле Курама айылдык кеңешинин туруктуу бюджеттик комиссиясынын 2026-жылдын 13-июлундагы №01-4/7 протоколунун негизинде, Курама айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. "Курама Суу" муниципалдык ишканасынын калкка, мекемелерге жана уюмдарга кызмат көрсөтүүчү атайын техникаларынын тарифтери төмөнкүдөй өлчөмдө бекитилсин:
   - Экскаватордун кызматы – 1 (бир) машино-саат үчүн 2 500 (эки миң беш жүз) сом;
   - Ассенизатордук унаанын кызматы – 1 (бир) чыгуу үчүн 2 500 (эки миң беш жүз) сом.
2. Бекитилген тарифтерди колдонуу жана кызмат көрсөтүүлөрдү уюштуруу "Курама Суу" муниципалдык ишканасына милдеттендирилсин.
3. Социалдык жактан коргоого муктаж калктын катмарлары үчүн "Курама Суу" муниципалдык ишканасы тарабынан көрсөтүлүүчү кызматтар үчүн бекитилген тарифтердин 50% (элүү) пайыз өлчөмүндө жеңилдик берилсин.

4. Өзгөчө оор социалдык абалда турган жарандарга кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөмдөн 100 пайызга чейин жеңилдик берүү алардын жазуу жүзүндөгү кайрылуусунун, социалдык паспортунун жана жашоо-шартын текшерүү боюнча түзүлгөн актынын негизинде Курама айыл өкмөтү менен «Курама Суу» муниципалдык ишканасы тарабынан жекече тартипте кароо милдеттендирилсин.

5. Бул токтом каттоодон өткөрүлсүн жана расмий жарыялоо булактарында жарыялансын.

6. Бул токтомдун көчүрмөсү Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жөнөтүлсүн.

7. Бул токтом Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.

8. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Курама айылдык кеңешинин туруктуу бюджеттик комиссиясына жүктөлсүн.

**Төраганын орун басары** **Д.М.Манамкулов**